| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**<br><br>**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXXV сессиясынын**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

5-октябрь 2023-жыл № 118 Торкент айылы.

«Элдик Курултай жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы № 215 «Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» Жарлыгы, Уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы № 1 чечимине ылайык Абды Суеркулов айыл аймагында Элдик Курултайга делегат шайлоону уюштуруу жөнүндө

«Элдик Курултай жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы № 215 «Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» Жарлыгы, Уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы № 1 чечимине ылайык Абды Суеркулов айыл аймагында Элдик Курултайга делегат шайлоону уюштуруу жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXXV сессиясы **токтом кылат**:

1. Абды Суеркулов айыл аймагында Элдик Курултайга делегат шайлоону уюштуруу боюнча Жергиликтүү коомдоштуктардын (жамаат) өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү үчүн катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү нормасынын жалпы саны Абды Суеркулов айыл аймагы үчүн 100 катышуучу өкүл көрсөтүлсүн.
2. Абды Суеркулов айыл аймагына тиешелүү аймакты бөлүктөргө бөлүү ченемдери Торкен айылы 50катышуучу өкүл, Кара-Жыгач айылы 30катышуучу өкүл, Көтөрмө айылы 20катышуучу өкүл болуп аныкталсын.
3. Абды Суеркулов айыл аймагында Жергиликтүү коомдоштуктардын (жамаат) өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү үчүн өтүлүүчү датасы 2023-жылдын 18-ноябрь күнү (ишемби), убактысы саат 10-00гө , Абды Суеркулов айыл аймагында Жергиликтүү коомдоштуктардын (жамаат) өкүлчүлүктүү жыйыны өткөрүү үчүн чогулуштарды, жыйындарды өткөрүү графиги 2023-жылдын 16-октябрдан 26-октябрь күнү аралыгында Көтөрмө айылында 2023-жылдын 23-октябрь күнү, Кара-Жыгач айылында 2023-жылдын 24-октябрь күнү, Торкен айылында 2023-жылдын 25-октябрь күнүнө, өтүлүүчү орду Торкен айылындагы Т.Ашыралиев мектебине белгиленсин.
4. Жыйындарды өткөрүүгө жоопту жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси №1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Абды Суеркулов айыл аймагында Элдик Курултайга делегат шайлоону уюштуруу боюнча Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн 4-октябрь 2023-жылдагы №170-буйругу менен сунуштаган жумушчу топтун курамы №2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу жана www.torken.kg веб сайтына жайгаштыруу жоoптуу катчы Т.Кебековго тапшырылсын.
7. Бул токтом www.torken.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кеңештин төрагасы** **И.Өмүрбеков**

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXXV сессиясынын 2023-жыл 5-октябрь №118-токтомуна №1-тиркемеси**

**Жыйындарды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси**

Торкен айылы боюнча жыйындарды өткөрүүгө жооптуу айылдык кенештин депутаттары

1. Мырзабеков Дүрбөл-Торкен шайлоо округу
2. Мукушов Шерикбек Кубанычбекович-Торкен шайлоо округу
3. Станбекова Элнура Турусбековна-Торкен шайлоо округу
4. Чыйрымбаев Илдар-Торкен шайлоо округу
5. Мусабаева Элнура Сүйүнбековна-Торкен шайлоо округу
6. Тилекматов Руслан Каралиевич- Торкен шайлоо округу
7. Аскарбеков Расул- Торкен шайлоо округу
8. Токтоказиев Улан Токтоказиевич- Торкен шайлоо округу

Көтөрмө айылы боюнча жыйындарды өткөрүүгө жооптуу айылдык кенештин депутаттары

1. Абазова Асыл Сүйүналиевна-Көтөрмө шайлоо округу
2. Малабеков Талант Керезович- Көтөрмө шайлоо округу

Кара-Жыгач айылы боюнча жыйындарды өткөрүүгө жооптуу айылдык кенештин депутаттары

1. Ажыкулова Райма-Кара-Жыгач шайлоо округу
2. Асанов Нурлан Зулумович- Кара-Жыгач шайлоо округу
3. Бучуков Уланбек Кедеевич- Кара-Жыгач шайлоо округу
4. Тиленбаев Урумкалый Турарбекович- Кара-Жыгач шайлоо округу
5. Касымбаева Назгүл Ажыкановна- Кара-Жыгач шайлоо округу

**Кенештин жооптуу катчысы Т.Кебеков**

**Абдыя Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXXV сессиясынын 2023-жыл 5-октябрь №118-токтомуна №2-тиркемеси**

**Абды Суеркулов айыл аймагында Элдик Курултайга делегат шайлоону уюштуруу боюнча жумушчу топтун курамы**

1. З.Стамкулова-Абды Суеркулов айылдык кенешинин депутаты
2. Г.Куттубаева- Абды Суеркулов айылдык кенешинин депутаты
3. Мадияр кызы Танзада- Абды Суеркулов айылдык кенешинин депутаты
4. Ж.Исаков- Абды Суеркулов айылдык кенешинин депутаты
5. У.Токоев-айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары
6. К.Оморов –Көтөрмө айылынын башчысы
7. А.Батыркулов-Кара-Жыгач айылынын башчысы
8. Өжөрбай уулу Таалай-Торкен айылдык демилгелүү топтун өкүлү
9. Маматиса уулу Майрамбек-Торкен айылдык жарандык коомдун өкүлү

**Жумушчу топко Абды Суеркулов айылдык кенешинин төрагасы И.Өмүрбеков башчылык кылат.**

**Кенештин жооптуу катчысы Т.Кебеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**

**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXXV сессиясынын**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

5-октябрь 2023-жыл № 119 Торкент айылы.

Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджеттин айрым беренелерин жылдыруу жөнүндө

Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджеттин айрым беренелерин жылдыруу жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXXV сессиясы **токтом кылат**:

1. Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджеттин айрым беренелерин жылдыруу боюнча китепкананын 2211беренесиндеги 16500сомду аппараттын 2215беренесине жылдырылсын.
2. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу жана www.torken.kg веб сайтына жайгаштыруу жооптуу катчы Т.Кебековго тапшырылсын.
3. Бул токтом www.torken.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кеңештин төрагасы** **И.Өмүрбеков**